# Декабрда өскөн кулпунайдын изи менен




Автор: Елена Попова

Сүрөтчү: Айжамал Борисова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Декабрда өскөн кулпунайдын изи менен

Автор: Елена Попова
Сүрөтчү: Айжамал Борисова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Декабрда өскөн кулпунайдын изи менен" (кыргыз тилинде), автор Елена Попова, сүрөтчү Айжамал Борисова, которгон Талгат Деркембаев

*По следам клубники в декабре*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Ура! Акыры кар жаады! Туулган күнүмдө жааганы сонун болду! – деди Даша кубанып.

– Туулган күнүң менен, кызым!  Бул сенин белектериң, – дешти ата-энеси.

Сүйүнгөн бойдон, Даша белектердин кутуларын ачып карай баштады.

Бүгүн ал мектепке баргысы келген жок.

– Эч жакка барбай эле, кардын жааганын карап отурсамбы… – деп кыялдана сүйлөдү кыз.

–  Белекке берилген китепти  тезирээк эле окугум келип жатат.

Даша детектив окуяларды жакшы көрчү. Кызыктуу детективди окуп жатып, өзүн юбка кийген чыныгы Шерлок Холмстой элестетчү. Айла жок, мектепке барыш керек.

Подъездден кулпунайдын жыты укмуштуудай жыттана түштү.

– Хм, кызык. Бул жыт кайдан келип жатат? Декабрь менен кулпунайдын жыты логикага сыйбайт го.

Ушул жерден ал сыя-көк тасма байланган кутуну көрүп калды. Кутунун сыртында ”Даша, туулган күнүң менен!” деген жазуу бар экен.

– Мына, сага! Бул сюрприз мен үчүн турбайбы. Ким берди болду экен? Эмесе, изилдеп баштайын, – деди кыз.

Сумкасынан  телефонун алып чыгып, эң жакын досу Эльвирага чалды.

–  Менин үйүмө тез келе кал, өтө зарыл иш бар.

Эльвира коңшу үйдө жашачу. Ал тез эле  чуркап келди.

– Ой, ий. Бул сагабы? Кимден экен?– деп курбусу суроолорун жаадырып жатты.

– Баса, туулган күнүң менен куттуктайм!

– Ырахмат! – деди Даша куттуктоого ыраазы боло.

– Мына, бул белекти ким бергени табышмак болуп жатпайбы.   Куту подъездде туруптур.

– Изилдөөнү эмнеден баштайлы? – деп кызыга сурады Эльвира.

– Кел, логикалык ойлонуп көрөлүчү.

Сабак башталганга чейин кенен убакыт бар. Кыздар Дашанын үйүнө лупа, смартфон, жазуу китепчеси жана кара көз айнек алуу үчүн киришти.

– Бизде кооз кутуга салынып, тасма менен байланган кулпунай бар. Негизги илинчек - бул кутудагы кат. Биз бул кол жазма аркылуу катты ким жазганын аныктай алабыз.

– Туура, – деп Эльвира курбусун колдоду.

Кыздар кутудагы кол жазманы сүрөткө тартып алышты. Лупа менен ар бир кулпунайды карап чыгышты.

Кутудагы катта сулуу кол  менен түшүнүксүз сандар жазылыптыр:

4-1-2-1-7 4-13-6-5-4-15-24. 15-23 10-11-2 11-13-1-2-4-20-24-14-9.



– Бул эмне? Сени жактырган баланын телефон номериби? – деп таң калды Эльвира.

– Мен антип ойлогон жокмун. Бул жерде аябай көп сандар бар экен.

Каттын экинчи  жагында табышмактын ачкычы бар экен.

“Сенин алдыңда экилик код турат. Табышмакты жандыруу  үчүн сага жардам: үндүү жана үнсүз тыбыштарды белгилеген тамгалар жана белгилер өз алдынча шифрде катылган.

– Эля, жүрү, мектептен Светлана Сергеевнага кол жазманын сүрөтүн көргөзөлү. Бул табышмактын ээсин эжей кол жазмадан оңой эле таап коёт деп ойлойм.


Мектепте кыздар коңгуроонун кагылышын күтүштү. Алар эжейине сүрөткө тартып алган кол жазманы көрсөтүштү.

– Кана... – деп эжей ойлонуп:

– Биздин класста мындай сулуу жазган эч ким жок, – деди.

– Светлана Сергеевна да биздин маселебизди чече алган жок, – деп Эльвиранын маанайы түштү.

– Ооба, биз туңгуюкка кептелдик.





Сабактан кийин, Дашаны куттуктаганы классташтары чогулушту. Ал балдарды туулган күнүн белгилөө үчүн үйүнө чакырды.


– Балдарга да айтып көрөйүн. Балким, жардам беришер. Эльвира экөөбүздүн эки башыбыз жакшы, бирок 10 баш андан да жакшы эмеспи. Ушул жерден Даша көп баштуу ажыдаарды элестете калып күлүп жиберди.

Торт менен чай ичип бүтүшкөндөн кийин, балдар коддун сырын чечкенге киришти. Баарына бул табышмакты ким ойлоп тапканы кызык болду.

– Кана, эгер бул экилик код болсо, – деп Тимур ой жүгүртө баштады. Келгиле, алфавиттин ар бир тамгасын сан деп элестетели, – деп Матвей сунуш кылды.

– Мен ошол туура болот го деп ойлойм. Бирок жазууда үнсүз жана үндүү тыбыштар өз алдынча шифрленген турбайбы. Бул жерде ойлонуш керек экен, – деп сөзгө аралашты Амир.

– Балдар, мен жеңдим, – деп Даша кубанычтуу кыйкырды.




Бардыгы анын жанына чогулуп, түшүндүрмө күтүп калышты.

– Карасаңар, эгер бул экилик код болсо А – 1, Б тамгасы

да 1, Е – 2, жана В – 2, Ё – 3, Г – 3, И – 4, Д – 4. Түшүндүңөрбү, балдар?

– Мм…. – түшүнгөн сыяктуубуз. Бирок дагы эле оор го, – деди Эльвира.

– Анда сенин алгоритмиңди туурап, калган сөздөрдүн сырын ачалы, – деди Даниэл.

– Кел, достошобуз. Сен мага жагасың, – деп Милана жай окуду. Ал тапкычтыгына өзү да сүйүнүп кетти.

– Ким менен достошуш керек экен? Биз дагы эле муну ким жөнөткөнүн билбейбиз да, – деп Эльвира таң калды.

– Ооба, бир табышмагын таптык. Бирок ал ачылыш бизди шектүүнүн изин толук алып чыккан жок.

– Даша, биз эми үйгө кетели. Эртең мектепке барабыз. Сабак окуш керек.

– Атам экөөбүз силерди узатып коёбуз, – деп Дашанын бир аз маанайы чөгө түштү.

Досторун узатып, Даша атасы экөө үйгө кайтып келе жатышты. Кар бүртүкчөлөрү жай бийлегенсип, дагы деле тынбай түшүп жатты. Даша өйдө карап, жаап жаткан карды суктана карап калды. Бир маалда анын көзү күйүп турган терезеге тигилди. Бул терезе Дашаны эмнеси менен кызыктырды болду экен? Бул жагы түшүнүксүз.

– Ата, жарык күйүп турган, ачык-сыя пардалуу терезеси бар батир биздин жаныбыздабы?

– Ооба, биздин кабатта. Эмне болду? – деп таң калган атасы кызыга сурады.

– Ата, мен декабрь айында кайдан кулпунай пайда болгонун тапканы калдым окшойт.





– Азамат! Бардык сырларды чече билүү сенин колуңан келет. Сен абдан байкагычсың, – деп атасы Дашаны мактап койду.

Даша терезеден гүл отургузган идишти көрдү. Анда кулпунай өсүп турган экен.

– Ата, мен кошуна бала менен таанышкым келип жатат. Ал жакында эле көчүп келген. Достору да жок.

– Макул, кызым, – деп жооп берди атасы.

Даша үйгө тез кирип, баракка бир нерсени жазып, подъездге чыкты.

Ал коңшунун эшигин чырылдатты. Эшикти бала ачып, кызды суроолуу карады. Даша ага баракты берди. Бала окуп, кызды таң калып карап калды.

Шифр менен: 9 14-5-3-9-1-14-11-1 14 15-5-1-5-7 4-13-6-5-4-15-24 деген билдирүү жазылыптыр. Бул “мен сени менен достошконго макулмун” деген жазуу эле.

– Сенин атың ким? – деп Даша өкүм сүргөн тынчтыкты биринчи болуп бузду.

– Руслан.

– Сен аябай ойлоп тапкычсың го. Табышмакты табуу мага аябай кызыктуу болду.

– Мен жазганымды кантип билдиң? – деди Руслан Дашаны жылмая карап.

Даша анын кайсы жерден жаңылганын айтып берди. Экөөнүн сүйлөшө турган сөзү өтө көп. Даша да, Руслан да баш катырмаларды, сырларды, табышмактарды чечкенди жакшы көрүшөт.

Бир маалда Дашанын апасы чыгып, кызын үйгө чакырды. Себеби ал эртеңки сабактарга даярданышы керек эле.

– Эртең жакшы көргөн детективдер жөнүндө сүйлөшөбүз, – деп убада берди Даша.

Руслан өзүнүн уялчаактыгына карабай, акылдуу, сулуу кыз менен таанышканына кубанды.

Балдар, силер Руслан өстүргөн кулпунайдын сорту кайсы экенин таба аласыңарбы?

3-4-3-1-11-15-2-9-9-1



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Елена Попова
Сүрөтчү: Айжамал Борисова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - **4.2 деңгээли**